КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

# ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү уюмдарынын 7–12-класстары үчүн

**Бишкек – 2025**

**ИШТЕП ЧЫККАНДАР:**

| | |
|---|---|
| **Батыркулова А. Б.** | Кыргыз билим берүү академиясынын филологиялык билим берүү лабораториясынын башчысы, п.и.к. |
| **Рысбаев С. К.** | Кыргыз билим берүү академиясынын башкы илимий кызматкери, п.и.д., профессор |
| **Оморова А. А.** | Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту, ага окутуучу. |
| **Эсеналиева К. Э.** | Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту (РПККЖжКДИ) КРнын Эмгек сиңирген мугалими, п.и.к., профессор. |
| **Дюшеева Г.** | “Тил клаб” тил үйрөтүү курсунун негиздөөчүсү жана жетекчиси |

**РЕЦЕНЗЕНТТЕР:**

| | |
|---|---|
| **Мурасатов Бурхан Абдыразакович** | Ж. Баласагын атындагы КУУнун И.Ч.Исамидинов атындагы ПКМДИнин доценти, ф.и.к. |
| **Жумалиева Н.О.** | Бишкек шаарынын №67 Т. Үмөталиев атындагы жалпы орто билим берүү мекемесинин директору |

Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 7-12 - класстары үчүн “Кыргыз тили” боюнча предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамына (2023), Кыргыз Республикасында жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына (2025) негизделип иштелип чыккан.

Аталган стандарт кыргыз тилин Кыргыз Республикасынын мектептеринде экинчи тил катары үйрөтүүнүн негизги стратегиясын, урунттуу приоритеттүү багыттарын аныктайт, билим берүү, тарбиялоо жана өнүктүрүү маселелерин чечүүгө багытталат.

*Ал билим берүүчүлүк парадигмадан компетенттүүлүктү калыптандыруу парадигмасына өтүү менен натыйжага негизделип окутуу сунушталат.*

Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнүн усулу боюнча кыргыз тили предметинин окуу программаларын, окуу китептерин жана окуу-методикалык комплексин, дидактикалык материалдарды, иштеп чыгуу үчүн негиз болуп саналат.

**М А З М У Н У**

I. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ, МАКСАТЫ, МИЛДЕТТЕРИ ..............................4

II. ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР ..............................................................7

III. МАЗМУНДУК БАГЫТТАР ЖАНА КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР .......................9

IV. ОКУТУУНУН УСУЛДАРЫ/ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ...................................................15

V. ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО ..............................16

VI. РЕСУРСТУК КАМСЫЗДООГО МИНИМАЛДУУ ТАЛАПТАР ..............................19

VII. ШЫКТАНДЫРУУЧУ ЖАНА КООПСУЗ БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮН ТҮЗҮҮ..22

## 1. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ, МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуу — өлкөнүн тил саясатынын өзөгү болуп, мамлекеттик тилдин өнүгүшүнө жана коомдук биримдиктин чыңдалышына негиз салат. Айрыкча 7–12-класстарда бул процессти тереңдетүү өзгөчө мааниге ээ. Себеби бул курактагы өспүрүмдөрдүн тилди аңдоо, логикалык ой жүгүртүү, жана коомдук пикирге активдүү аралашуу жөндөмдөрү калыптанат. Биринчи кезекте, кыргыз тилин экинчи тил катары окутуу — көп тилдүү чөйрөдө жашаган өспүрүмдөргө улуттук өзүн-өзү таанууга, маданий мурастар менен таанышууга жана кыргызча ойлонууга жол ачат. Мындай окутуу болочок жарандардын тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандырууга, мамлекеттик мекемелерде, коомдук жана маданий турмушта активдүү катышуусуна өбөлгө түзөт. Экинчи жагынан, жогорку класстарда кыргыз тилин үйрөтүүдө предметтер аралык интеграция, долбоордук ишмердик, сынчыл ой жүгүртүү сыяктуу заманбап окутуу ыкмалары колдонулганда, тил үйрөнүү процесси тереңдеп, практикалык мааниси артат. Окуучулар жазуу, сүйлөө, угуу жана түшүнүү көндүмдөрүн турмуштук реалдуу кырдаалдарда өздөштүрүүгө жетишишет. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуу — бул жөн гана тил үйрөтүү эмес, а жарандык, маданий жана социалдык интеграциянын негизи.

**7 – 9-класстарда экинчи тилди окутуунун максаты**

7–9-класстардын окуучуларын турмуш-тиричиликтин ар түрдүү чөйрөсүндө, кырдаалдарда, деңгээлдерге ылайык кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн (угуу, окуу, сүйлөө, жазуу) калыптандыруу аркылуу реалдуу баарлашуу процессине жакындаштырып окутуу, жарандык идентүүлүктү калыптандыруу, этностор аралык биримдикке тарбиялоо.

**10 – 12 - класстарда экинчи тилди окутуунун максаты**

10-12-класстарда тилдик деңгээлдерге (В1, В1+) ылайык кыргыз тилин окутуунун **максаты** – мурунку класстарда ээ болгон тилдик жана кептик көндүмдөрүн бышыктоо жана турмуштук кырдаалдарда туура колдонууну жакшыртуу.

Жогорку класстарда кеп ишмердүүлүгүнүн төрт түрүн – угуу, сүйлөө, окуу, жазуу көндүмдөрүн өздөштүрүү улантылат. Мектеп бүтүрүүчүлөрү табигый шарттарда кыргыз тилинде ээн-эркин баарлашуусу, сабаттуу жазуусу, кептик байланыштын конкреттүү чөйрөлөрүндө өз оюн кыйналбай билдире алуусу күтүлөт.

Максатка жетүү үчүн төмөнкү **милдеттер** ишке ашырылат:

**Таанып-билүүчүлүк (сабактын билим берүүчүлүк максатында**: "окуучулар кайсы билимдерди, жаңы маалыматтарды өздөштүрөт?" деген суроолорго жооп берет) – окуучунун күнүмдүк жашоосундагы карым-катышта социалдык-маданий, окуу жана эмгек чөйрөлөрүнө жараша лексика менен грамматиканы функционалдуу колдонуп, экинчи тилде маалыматты түшүнүү аркылуу талдай жана синтездей алуу, чыгармачыл жана сын ой жүгүртүү билгиликтерин калыптандырат.

**Жүрүм-турумдук (сабактын өнүктүрүүчүлүк максатында:** «Кайсы компетенттүүлүктөр калыптанат?», "Өздөштүргөн билимдерин турмуштук кырдаалда, өз практикалык тажрыйбасында колдоно алабы?" - деген болжолдуу суроолорго жооп бериши керек**)** – кыргыз тилинде кыраатын келтирип туура сүйлөө адебин, жазуу

этикетин, кеп маданиятын жана тексттерден көркөм-эстетикалык, адеп-ахлактык сабактарды, үлгүлөрдү аңдап кабыл алуусун, кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн комплекстүү өнүктүрөт.

**Баалуулук (сабактын тарбия берүүчүлүк максатында:** «тексттеги маалыматтардан кандай тарбия алышат, үй-бүлөгө, коомго, мекенине келечекке кандай салым кошот?»; "оң, терс жактары жана эмне үчүн пайдалуу, пайдасыз, кооптуу, коопсуз?" деген болжолдуу суроолорго жооп бериши керек**)** – текстти окуп-түшүнүүдө Кыргызстан элинин руханий, адептик баалуулуктарын, маданий, тарыхый нарктуулукту урматтоону, улуу-кичүүнү сыйлоо этикасын тарбиялайт; ошондой эле тил аркылуу теңдик, дискриминацияланбоо жана социалдык инклюзия принциптерин калыптандырат.

Сабактын максаттарын окуучунун позициясында SMART критерийлерге ылайык, компетенттүүлүктөрдү калыптандыруучу күтүлүүчү натыйжалар катары жазуу сунушталат.

Башталгыч мектепте кыргыз тилин экинчи тил катары окутуу төмөнкү мамилелерге негизделген:

**Компетенттүүлүк мамиле** – окуучулардын жашоонун ар кандай чөйрөлөрүндө ийгиликтүү аракеттенүүсүн камсыз кылуучу компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга багытталган билим берүү процессинин концептуалдык негизи.

**Коммуникативдик мамиле** кыргыз тилинде реалдуу турмуштагы баарлашууга жакын (окуу жана турмуштук кырдаалдарда) баарлашуу көндүмүн калыптандырып, тилдик жана кептик көндүмдөрүн колдонууга өбөлгө түзөт.

**Дифференцияланган мамиле** окуучулардын кызыкчылыктарын жана жөндөмүн эске алат. Окуучуга репродуктивдүү, продуктивдүү жана креативдүү деңгээлде дифференцияланган тапшырмалар сунушталат.

**Социо-маданий мамиле** бул ар кандай маданияттардагы жүрүм-турум нормаларын түшүнүүгө, алардын өзгөчөлүктөрү жөнүндө жана өзүнүн маданий өзгөчөлүгүн билүүгө жардам берет.

**Грамматиканы окутууга функционалдык мамиле.** Грамматика функционалдуу окутуу сабактын жүрүшүндө 3 этап менен ишке ашырылат. Грамматикалык материал сабактын кептик темасына ылайык келген лексиканы колдонуу менен окутулат.

1) Тематикадагы эң зарыл функционалдык грамматиканын кептеги кызматын түшүндүрүү аркылуу окуучулардын *тилдик компетенттүүлүгү* калыптанат.

2) Окуу кырдаалдарында грамматикалык материалды колдонуп оозеки жана жазуу түрүндө пикирлешүүгө машыктыруучу көнүгүүлөр аркылуу окуучулардын *кептик компетенттүүлүгү* калыптандырылат.

3) Окуучуларга берилген грамматикалык түшүнүктү турмуштук кырдаалдарда өз алдынча жана биргелешип иштөөнүн ыкмаларын колдонуп, баарлашуу шартында окуучулардын *социомаданий компетенттүүлүгү* калыптандырылат.

**Лексикалык минимум жана системалуулук** – окуп үйрөнүү процессинин анык бир убакыт аралыгында окуучулар үйрөнүшү зарыл болгон лексикалык бирдиктердин саны. Лексикалык минимумдун активдүү жана пассивдүү сандык жана сапаттык курамы сабактын максатына, этабына, тилди үйрөнүүгө берилген окуу сааттарынын санына көз каранды. Лексикалык минимум – тема боюнча аныкталган негизги түшүнүк жана терминди түшүндүрүү үчүн кеңейтилген сөз, сөз айкаштары.

**Профилдик окутууга мамиле.**

Профилдик окутуу инсанга багытталган билим берүү процессин ишке ашырат. Ошол эле учурда, окуучунун жеке билим берүү траекториясын курууга мүмкүнчүлүктөрү кыйла кеңейет.

**Профилдик билим берүү**гө өтүү төмөнкү негизги максаттарды көздөйт:

1. Толук жалпы билим берүү программасынын айрым предметтерин тереңдетип үйрөнүүгө багытталат.
2. Мектеп окуучулары үчүн жеке билим берүү программаларын түзүү үчүн кеңири жана ийкемдүү мүмкүнчүлүктөр менен жогорку класстын окуучулары үчүн билим берүүнүн мазмунун олуттуу дифференциялоо үчүн шарттар түзүлөт.
3. Окуучулардын ар кандай категориялары үчүн алардын жөндөмдүүлүктөрүнө, жеке ыктарына жана муктаждыктарына ылайык толук кандуу билим алууга бирдей мүмкүнчүлүктөр түзүлөт.
4. Окуучулардын социализациясынын мүмкүнчүлүктөрү кеңейтилип, жалпы жана кесиптик билимдин ортосундагы уланмалуулук камсыз кылынат, мектеп бүтүрүүчүлөрүн жогорку кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүгө алда канча натыйжалуу даярдоо жүргүзүлөт.

Предметтик стандарт кыргыз тилин экинчи тил катары деңгээлдер боюнча окутуу функционалдык-коммуникативдик мамиледе жүргүзүүнү көздөйт. Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди билүү деңгээлдери Жалпы Европа стандарттарынын негизинде иштелип чыккан «Кыргызтест» системасынын деңгээлдик талаптары боюнча таризделет. «Кыргызтест» системасынын деңгээлдик талаптары окуучулардын өз ара баарлашуусу ийгиликтүү болуусу үчүн кандай лексикалык жана грамматикалык минимумдарды өздөштүрүп, кандай көндүмдөргө ээ болуусу керек экендигин аныктайт.

**Таблица 1 – Тил билүү деңгээлдеринин сыпаттамасы**

| **Тил билүүнүн мүнөзү** | **Деңгээлдердин сыпаттамасы** |
|---|---|
| **А2 – Базалык орто деңгээл** | |
| **А2**<br>**Тилди активдүү колдоно билүү** | Күнүмдүк жашоо-тиричиликке керектүү сөздөрдү, сөз тизмектерин, айрым сүйлөмдөрдү (өзү, үй-бүлө мүчөлөрү, окуу иш-аракеттери, күндөлүк режим, социалдык-маданий чөйрөдө өзүн алып жүрүү, сатып алуу ж.б. кырдаалдарга жараша) тилдин жөнөкөй түрүн колдонуп, маалымат алмашып, маек куруп, сүйлөшө алам. |
| **В1 Ортоңку деңгээл** | |
| **В1**<br>**Тилди өз алдынча колдоно билүү деңгээли** | Жумушта, окууда, бош убакыттарда ж. б. типтүү кездеше турган адабий тилдеги ар түрдүү темаларда берилген так кабарлардын негизги идеяларын түшүнөм. Үйрөнүп жаткан тилди алып жүрүүчү өлкөдө болгон учурда кездешүүчү көпчүлүк кырдаалдарда пикир алыша алам. Белгилүү же мени өзгөчө кызыктырган темаларга билдирүүнү байланыштуу түзө алам. Таасирлерди, окуяларды, ишенимдерди, умтулууларымды айтып бере алам, өзүмдүн келечек пландарымды жана ойлорумду негиздеп жана баяндап бере алам. |

| B1+ Ортоңку деңгээл | |
|---|---|
| **B1+ Тилди өз алдынча колдоно билүү деңгээли** | Абстрактуу жана конкреттүү темалардагы татаал тексттердин, ошондой эле атайын бир багыттагы тексттердин жалпы мазмунун түшүнөм. Тилди алып жүрүүчүлөр менен дайыма ар тараптан өзгөчө кыйынчылыктарсыз пикир алышып туруу үчүн тез жана даярдыксыз спонтандуу сүйлөйм. Түрдүү темаларга так, толук билдирүү жасай алам жана негизги проблемага карата өз көз карашымды билдире алам, ар түрдүү пикирлердин артыкчылыктарын жана кемчиликтерин көрсөтө алам. |

**Таблица 2 - Класстарды тил билүү деңгээлдери боюнча бөлүштүрүү**

| Деңгээлдер | Тилдик чөйрө жок кырдаалда | Тилдик чөйрө бар кырдаалда |
|---|---|---|
| A2.2. Базалык | 7-класс | - |
| A2.3. Базалык | 8-класс | 7-класс |
| B1.0. Ортоңку | 9-класс | 8-класс |
| B1.1. Ортоңку | 10-класс | 9-класс |
| B1.2. Ортоңку | 11-класс | 10-класс |
| B1.3. Ортоңку | 12-класс | 11-класс |
| B2.0. Ортодон жогору | - | 12-класс |

A2, A2+ жана B1, B1+ деңгээлдерине жетишкен окуучулар кыргыз тилин экинчи тил катары өздөштүрүүдө негизги коммуникативдик иш-аракеттерди өз алдынча жүргүзүүгө жөндөмдүү болуп калышат. Бул деңгээлдер тилди турмуштук жана окуу-тажрыйбалык кырдаалдарда колдоно билүүнү камсыздап, жогорку класстарда тилдик жана маданий компетенцияларды мындан ары тереңдетүү үчүн негизги платформа болуп саналат

Мындай негизде калыптанган тилдик-коммуникативдик тажрыйба 10–12-класстарда окуучулардын кыргыз тилинде аналитикалык, рефлексиялык жана чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өрчүтүүгө өбөлгө түзөт. Бул этапта тил үйрөтүү мазмуну окуучулардын сынчыл ойлом жөндөмдөрүн, дискурс деңгээлинде пикир айтуусун жана жогорку стилдик өздөштүрүүнү талап кылган багытта курулат. Ошондуктан 10–12-класстагы окутуу практикалык багытка ээ болуу менен катар, функционалдык сабаттуулукту жана тилди ар кыл коммуникативдик кырдаалдарда ишке ашырууну шарттайт.

## II. ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР

Окутуунун практикалык негизин компетенттүүлүк мамиле аныктайт, аны ишке ашыруу негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү өз ара байланышта калыптандырууга багытталат.

Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөнүүдө окуучулар ээ болуучу төмөндөгүдөй предметтик компетенттүүлүктөр көрсөтүлгөн:

1. **Кептик компетенттүүлүктөр:**

Ар түрдүү чөйрөдө, кырдаалдарда кеп ишмердүүлүктүн (угуу, сүйлөө, окуу, жазуу) түрлөрүн тил билүүнүн тиешелүү деңгээлине ылайык өздөштүрүп, тексттин жанрына, кептин стилдерине, тексттин түрлөрүнө жараша кыргызча баарлаша билүү.

**2. Тилдик компетенттүүлүктөр:**

Кыргыз тилинин фонетикалык, грамматикалык өзгөчөлүктөрүн билүү, кыргыз адабий тилинин, жазуу эрежелеринин нормасында жазып жана сүйлөй билүү, кыргыз тилинин тилдик кору, сөздүк курамы жөнүндө минимумдарга, сүйлөө маданиятына ээ болуу, сөздүктөр менен иштей билүү жана иш кагаздарын кыргызча түзө алуу ж.б.

**2. Социомаданий компетенттүүлүктөр:**

Тил аркылуу улутту жана улуттук маданий баалуулуктарды, мамлекеттин географиясын, тарыхын таануу, адабий казынасын окуп-үйрөнүү, ал аркылуу элдик салт-санаа, улуттук майрамдарды үйрөнүү жана сыйлоого калыптандыруу.

Предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу Кыргыз Республикасында жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартында аныкталган үч деңгээлде каралат:

- Биринчи деңгээл (репродуктивдүү) окуучулардын үлгү (иш-аракетти аткаруунун сунушталган алгоритми) боюнча иштөө көндүмү менен сыпатталат;
- Экинчи деңгээл (продуктивдүү) курамы боюнча жөнөкөй ишмердүүлүктү аткаруу, өздөштүрүлгөн алгоритмди башка кырдаалда колдонуу жөндөмүн сыпаттайт;
- Үчүнчү деңгээл (креативдүү) татаал курамдуу ишмердүүлүктү өз алдынча конструкциялоо жана аны негиздөө элементтери менен ишке ашыруу болуп эсептелет.

## III. МАЗМУНДУК БАГЫТТАР ЖАНА КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР

Окутуунун максаттарын жана милдеттерин ишке ашыруу, предметтик жана негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу предметтин ырааттуулугун, уланмалуулугун, илимий негиздерин чагылдырган предметтин мазмундук линиялары түрүндө уюштурулган белгилүү бир мазмунда ишке ашат.

7-12-класстардагы «Орус, өзбек жана тажик тилдеринде окуткан мектептерде кыргыз тили» предметинин мазмундук багыттары (линиялары) булар:

МБ 1. Кепти кабыл алуу жана продуктивдүү кеп жаратуу

МБ 2. Тил система катары

МБ 3. Баарлашуунун социомаданий өзгөчөлүктөрү

**1-мазмундук багыт (линия). Кепти кабыл алуу жана продуктивдүү кеп жаратуу**

«Кепти кабыл алуу жана продуктивдүү кеп жаратуу» мазмундук багыты мектеп окуучуларынын экинчи тилде оозеки жана жазуу маалыматтарды кабыл алуу жана түшүнүү, түрдүү коммуникативдик кырдаалдарда колдонуу, диалогдук жана монологдук формада башка адамдар менен баарлашуу билгиликтерин өнүктүрүүгө багытталган. Ушуга байланыштуу бул мазмундук багыттын (линиянын) негизин төмөнкү кеп ишмердүүлүгүнүн өз ара байланышы түзөт: угуу, сүйлөө, окуу жана жазуу.

Угуу көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча иштер маалыматты угуп кабыл алуу компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнү камтыйт. Сабактарда негизги ойду түшүнүү үчүн угуу, деталдарды түшүнүү үчүн угуу, ырааттуулукту аныктоо үчүн угуу, жаңы сөздөрдү үйрөнүү үчүн угуу, маектешинин пикирин түшүнүү үчүн угуу боюнча иштерди уюштурууга болот.

Сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча иштер кептин көркөмдүгүн жана байланыштуулугун, өзгөчөлүктөрүн ажырата билүү жана диалогго, монологго катышууга максаттуу багытталган комплекстүү иштерди карайт.

Окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча иштер окуучулардын окуу көндүмдөрүн калыптандырууну, окуганын түшүнүүнү жана чечмелеп берүүнү камтыйт. Окуп түшүнүү көндүмү түрдүү стилдеги (оозеки, көркөм, илимий-популярдуу, публицистикалык), ар кандай форматтагы (туташ, туташ эмес, аралаш, курама тексттер) жана ар кандай жанрдагы (табышмактар, макал-лакаптар, жомок, уламыш, аңгеме, ыр ж.б.) тексттерди окуу аркылуу өнүгөт. Булар көп түрдүүлүк, толеранттуулук, гендердик теңчилик жаатында баалуулук багыттарына ээ болгон тексттер.

Жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча иштер мектеп окуучуларынын өз алдынча жазуу текстерин (баяндоо эссеси, сүрөттөө эссеси, ой жүгүртүү эссеси, баяндама, презентация ж.б.) түзүү, ошондой эле башка адамдар менен жазуу түрүндө өз ара аракеттенүү компетенттүүлүгүн калыптандырууну карайт.

**2-мазмундук багыт (линия). Тил система катары**

«Тил система катары» мазмундук багыты (линиясы) кыргыз тилинин тилдик системасынын аспектилери менен тааныштырып, тил илиминин фонетика, лексика, грамматика (морфология жана синтаксис), орфография жана пунктуация сыяктуу бөлүмдөрүнүн негизги түшүнүктөрүн камтыйт. Мазмундук багыт мектеп окуучуларынын социалдык-турмуштук, социалдык-маданий, окуу-эмгектик баарлашуу чөйрөлөрүндө өз ара аракеттенүү үчүн тилди эркин колдонуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган.

**3-мазмундук багыт (линия). Баарлашуунун социомаданий өзгөчөлүктөрү**

«**Баарлашуунун социомаданий өзгөчөлүктөрү**» мазмундук багыты мектеп окуучуларынын социалдык-турмуштук, социалдык-маданий, окуу-эмгектик баарлашуу чөйрөлөрүндө өз ара аракеттенүүсүн ишке ашыруу үчүн адеп эрежелерин өздөштүрүүсүнө багытталган; өз маданиятынын жана башка элдердин маданиятынын өзгөчөлүктөрүн түшүнүү жана кабыл алуу жөндөмдүүлүгү; окуучуларды фольклордук айрым чыгармалар, Кыргызстандын элдеринин маданиятынан жомокторунун негизги сөздөрү, идеялары, каармандары, Кыргызстандын жана башка өлкөлөрдүн белгилүү маданий жайлары менен тааныштыруу; адам укуктарына, теңчиликке, басмырлоого жол бербөөгө, социалдык инклюзияга жана социалдык жоопкерчиликке ылайык өз өлкөсүнүн жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды билүү.

Окуу процессинде бул мазмундук багыттар бири-бири менен ажырагыс байланышта, интеграцияланган жана окуу материалын кырдаалдык-тематикалык бөлүштүрүүдө ишке ашырылат.

Окуу материалынын кырдаалдык-тематикалык бөлүштүрүлүшү окуучулар үчүн баарлашуунун эң типтүү жана турмуштук чөйрөлөрүндө жана кырдаалдарында анын иштөө өзгөчөлүктөрүн чагылдырган окуу материалын уюштурууну билдирет. Окуу материалынын кырдаалдык-тематикалык берилиши окуу процессин баарлашуунун реалдуу шарттарына мүмкүн болушунча жакындатууга мүмкүндүк берет.

**Таблица 3 - Окуу материалынын кырдаалдык-тематикалык берилиши**

| 7 – 9- класстар | 10 – 12-класстар |
|---|---|
| 1. Мен жана дүйнө, менин үй-бүлөм. Ата-эне менен баланын мамилеси. Мүнөздөр. Балдардын укуктары<br>2. Эс алуу. Саякаттоо. Туризм<br>3. Кесип жана эмгек. Кесиптердин түрлөрү. Кесиптик кийим | 1. Адам<br>2. Адам жана коом. Инсан аралык мамилелер<br>3. Адам жана экономика. Ресурстар. Соода-сатык<br>4. Адам жана илим. Медицина. Ден соолук |

| | |
|---|---|
| 4. Кыргызстан – менин мекеним. Кыргызстандын жаныбарлары жана өсүмдүктөрү, жаратылыш маселелери. Кыргыз жараны<br>5. Ден соолук. Гигиена. Саламаттык<br>6. Соода-сатык. Онлайн соода. Базар, дүкөндөр<br>7. Кызыгуулар, алардын түрлөрү | 5. Адам жана искусство. Чыгармачылык Кыргызстандагы белгилүү маданият ишмерлери<br>6. Адам жана жаратылыш. Кыргызстандын жаратылышы. Жаратылыш кырсыктары<br>7. Жер – жалпыбыздын үйүбүз. Планета. Экология. Көйгөйлөр жана аны чечүү жолдору<br>8. Адамдын руханий өнүгүүсү<br>9. Санариптештирүү. Технология. Келечек |

**Мазмундук багыттар жана компетенттүүлүктөр боюнча билим берүүнүн натыйжалары**
**7-12-класстар үчүн күтүлүүчү натыйжалар.**
**Биринчи сан –** предметтик компетенттүүлүк.
**Экинчи сан** – мазмундук багыттын номери.
**Үчүнчү сан** – билим берүү натыйжалардын номери.

**Таблица 4 - Мазмундук багыттар жана компетенттүүлүктөр боюнча билим берүүнүн натыйжалары**

| | ПК 1. Кептик | ПК 2. Тилдик | ПК 3. Социомаданий |
|---|---|---|---|
| **1-МБ. Кепти кабыл алуу жана продуктивдүү кеп жаратуу** | 1.1.1. Текстти окуганда андагы камтылган негизги жана кошумча маалыматты жетиштүү деңгээлде толук, так жана терең түшүнүп, талдайт. | 2.1.5. Кырдаалдык-тематикалык минимумдун алкагында баарлашуу кырдаалдарында пайда болуучу ниеттенүүлөргө ылайык айтылган сөздү, сүйлөмдөрдү жазууда грамматикалык жана лексикалык көндүмдөрдү колдонот. | 3.1.10. Темага жана коммуникативдик шартка ылайык репродуктивдүү жана продуктивдүү мүнөздөгү монологдорду түзөт. Кептик тема боюнча оозеки тексттин структурасына ылайык өз алдынча баяндайт, сүрөттөйт, ой жүгүртөт. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **2-МБ. Тил система катары** | 1.2.2. Диалогдун негизги мазмунун, анын катышуучуларынын коммуникативдик ниетин угуп түшүнүп, кебин талкуулайт, негизги мазмунуна баа берүү багытында суроо берет жана ага жооп берет.<br><br>1.2.3. Коммуникативдик шартка ылайык сунушталган тема боюнча жазуу түрүндөгү продуктивдүү монолог түзөт, өз оюн жыйынтыктуу баяндайт. Кептик тема боюнча тексттин бардык түрлөрүн (баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү) өз алдынча түзүп жазат. Берилген көйгөйдүн тегерегинде ой жүгүртүп, тыянак чыгарат. | 2.2.6. Фонетика, орфоэпия жаатында адабий нормага жана анын варианттарына ээ, адабий тилди айырмалап, так, шар сүйлөйт.<br>2.2.7.Лексика жана фразеология жаатында адабий нормага ээ. Өз сөз байлыгын өз алдынча байытат, терминдерди, жаңы лексиканы өздөштүрүү үчүн сөздүктөрдүн бардык түрлөрүн туура колдонот.<br>2.2.8.Орфографиянын негизги эрежелерин сактайт. Эссенин түрлөрүн, баяндамаларды өз алдынча жазат. | 3.2.11. Баарлашуу учурунда кеп адебинин нормаларын сактоо менен түрдүү диалогдорго катышат. Баарлашуу стратегиясына ылайык, маектешүүчүдөн көз карандысыз жагдайда суроолорду берип, интервью алат. Диалогдун багытын башкарып, лидерлик позицияда маектешет, баарлашуунун темасын өзгөртүп, кызыктуу жана татаал сүйлөмдөрдү колдонот. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **3-МБ. Баарла-шуунун социома-даний өзгөчөлүк-төрү** | 1.3.4. Монолог кепте камтылган маалыматты: теманы, билдирүүнүн ар бир маанилик бөлүгүнүн негизги жана кошумча маалыматын жетиштүү деңгээлдеги толук жана тактык менен угуп түшүнүп, уккан маалыматты интеграциялайт, интерпретациялайт, талдайт, дискуссияны демилгелейт. Уккан тексттеги каармандар, фактылар, окуялар тууралуу маалыматтарды иргеп, талдап, бөлүп карап, корутундулайт. Уккан тексттеги маалыматтарга өз мамилесин билдирет, чечим чыгарат. | 2.3.9. Сунушталган темага жана коммуникативдик берилген шартка ылайык байланыштуу кепти өз алдынча жаратат. Өз оюн цитата, мисалдар менен далилдейт. Башкалардын алдында өз оюн кенен-кесири билдирип сөз сүйлөйт. Өз оюн цитата, мисалдар менен далилдейт. | 3.3.12. Кыргыз элинин жана башка элдердин турмушунун жана маданиятынын улуттук өзгөчөлүктөрүн, гендердик теңчиликтин, социалдык инклюзиянын жана басмырлабоонун принциптерин колдонуп, Кыргыз элинин маданий мурасынын эң маанилүү бөлүгү катары тилге жеке мамилесин билдирет. Социалдык инклюзия жана социалдык басмырлабоо принциптери тууралуу башкаларга түшүндүрөт.<br>3.3.13. Коомдо калыптанган социалдык жана илимий чөйрөлөрдөгү жүрүм-турум нормаларына ылайык баарлашууга катышуучулардын социалдык ролдорун өзүнө карата колдонот. (“Кыргыз жараны”) |

## IV. ОКУТУУНУН УСУЛДАРЫ / ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

**Технология** — каалаган натыйжага жетүү үчүн усулдардын жана каражаттардын жыйындысы.

**Метод же усул** — максатка жетүү үчүн иш-аракеттерди аткаруунун жолу. Мугалим менен окуучунун окутуунун тапшырмаларын аткарууга багытталган биргелешкен ишмердүүлүгүнүн жолу. Метод «окутуу-окуу» процессинин, окуучу менен окуучунун, окутуучу менен окуучунун өз ара мамилесинин формасы катары түшүндүрүлөт.

**Таблица 5 – Интерактивдүү окутуунун технологиялык картасы**

| Маалыматты билүү, иргөө, колдонуу | Социалдык – коммуникативдик | Өз ишин уюштуруу жана маселелерди чече билүүчүлүк |
|---|---|---|
| Окутуунун технологиялары | Мугалим менен окуучунун алакасы, өз ара биргелешкен ишмердик | Коммуникативдик; маалымат алмашуу, |

| | | |
|---|---|---|
| | мамилелери | өнөктөшүү, кызматташуу |
| Интеграцияланган, дифференцирленген модулдук, блоктук профилдик, рейтингдик; | Демократиялуу, гумандуу адилеттүү, тең укуктуктуу толеранттуу, басмырлоого жол бербеген | Тажрыйба терендетилген |
| Проблемалык инклюзивдүү | Инсандын активдүүлүгүн, демилгелүүлүгүн арттыруу калыптандыруу методдору | Ар түрдүү чөйрө менен кабарлашып, таанып-билүү, чечүү |
| Жергиликтүү, глобалдык билим | Инсандын ишмердигине багытталган; кыймылдуу таанып билүү, эмпирикалык, эвристикалык көрсөтмөлүү, оюн аркылуу | Активдүү алака түзүү аркылуу кеңешип аракеттенүү |

7-12-класстарда педагогикалык технологиялар, инсанга багытталган, ишмердүүлүккө багытталган технологиялар колдонулат. Алар өз кезегинде так жана түшүнүктүү алгоритмдер аркылуу ишке ашырылуучу түрлөргө ажырайт:

**Таблица 6 - Окутуу технологиялары**

| **Педагогикалык технологиялар** | **Инсанга багытталган технологиялар** | **Ишмердүүлүккө багытталган технологиялар** |
|---|---|---|
| • Маалымат менен иштөө<br>• Эвристикалык окутуу | • Чыгармачылык ой жүгүртүү<br>• Креативдүү ой жүгүртүү<br>• Сын ой жүгүртүү<br>• Көйгөйлүү окутуу | • Жекече иштөө<br>• Жуп менен иштөө<br>• Топ менен иштөө<br>• Оюн технологиясы<br>• Долбоор |

Окуу процессинде **стратегия** максатка жетүү үчүн жетектөө, жолбашчылык кылуу искусствосу дегенди билдирет.

Окуу процессинде төмөндөгүдөй стратегиялар колдонулууда:

- Интерактивдүү окутуудагы психологиялык-педагогикалык оң жагдайды түзүү стратегиясы;
- Окуучулардын тартынбай эркин сүйлөө мүмкүнчүлүгүн ачууга жетүү стратегиясы;
- Окуп-түшүнүү активдүүлүгүн калыптандырууга багытталган стратегиялар;
- Чыгармачылыкка тарбиялоого багытталган стартегиялар;
- Кабарлашып иштөө жөндөмүн өнүктүрүүгө багытталган стратегиялар;
- Ойлорду графикалык системалаштыруу жөндөмүн калыптандырууга багытталган стратегиялар;
- Чыгармачылык активдүүлүгүн калыптандыруудагы долбоор түзүү стратегиясы;
- Талаш-тартыш маданиятын калыптандырууга багытталган стратегиялар ж.б.

Ал эми **тактика** – деген сөздү чечмелесек, билим берүү процессине көздөгөн максатка жетүү үчүн колдонулуучу күрөш жолу, айла-амалдар, методдор, усулдар, ыкмалар ролдук оюндар, интерактивдүү көнүгүүлөр деген түшүнүктү берет.

Окуучу менен мугалим, окуучу менен окуучунун ата-эне, коом, чөйрө ортосундагы байланыштарды, мамилелерди камсыз кылууда; жуп, топ жана жалпы класста өз ара

биргелешип иштөө, талкуу жүргүзүүдө; анализдөөдө; окуучулар өзүлөрү жыйынтыктоого туура ыңгай түзүүдө мындай максатка жетүүдө колдонулуучу усулдар

**4к компетенттүүлүгү** – адамга/окуучуга ар кандай чөйрөдө ийгиликтүү иштөөгө жардам берген төрт негизги көндүмдөрдүн тутуму (чыгармачылык, таанып-билүү, сынчыл ой жүгүртүү, кызматташуу жана коммуникация).

**Сынчыл (критикалык) ойлом** – маалыматтардын агымын туура тандай алат, себеп- натыйжа байланыштарын көрө алат, керексиздерин алып салып, жыйынтык жасай алат; **Креативдүүлүк (чыгармачылык)** – кырдаалды ар тараптан баалоо, адаттан тышкары чечимдерди кабыл алуу жана өзгөрүлүп жаткан жагдайларда өзүн ишенимдүү сезүү; **Коммуникация -** сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жана байланыш түзүү, маектешти угуу жана өз көз карашыңызды жеткире билүү; **Кооперация (кызматташуу)** – башка адамдар менен натыйжалуу өз ара аракеттенүү, ар кандай командаларда иштөө, жалпы максатты жана ага жетүү жолдорун аныктоо, ролдорду бөлүштүрүү жана натыйжаны баалоо.

**5Е модели Кызыктыруу**(Engage), **Изилдөө**(Explore), **Түшүндүрүү**(Eexplain), **Толуктоо**(Elaborate),**Баалоо**(Evaluate) учурда аталган 5 этап аркылуу сабак өтүү актуалдуу болууда.

Азыркы психологиялык-педагогикалык илим негизги методдордун ичинен окууга мотивдештирүү үчүн төмөнкүдөй негизги аракеттерди аныктайт:
- сабактагы ишмердүүлүктүн максатын түшүнүү жана кабыл алуу, ошондой эле сабактын милдеттерин коюу үчүн балдар менен биргелешип иштөө;
- офлайн, онлайн жана гибрид форматтарында класста өз ара түшүнүшүү жана кызматташтык атмосферасын түзүү;
- ийгилик кырдаалын жаратуу;
- сабакты уюштуруунун топтук жана жеке формаларын колдонуу;
- сабакты өткөрүүнүн стандарттуу эмес формалары:
- сынак жана оюн түрүндөгү сабактар: викторина, турнир, жарыш ж.б.;
- материалдын салттуу эмес презентациясына негизделген сабактар: сыр сандык сабак, чыгармачылык отчет ж.б.;
- иш-чара түрүндөгү сабактар: экскурсия, саякат, сейилдөө ж.б.;
- фантазия сабактары: жомок, оюн ж.б.;
- интеграцияланган сабактар ж.б.;
- мактоо менен колдоонун жана жазалоонун ийкемдүү системасы;
- оюн технологияларын колдонуу;
- маалыматтык жана көмөкчү технологияларды колдонуу.

Мунун баары окуу процессин өзгөчө уюштурууну жана окуучулар менен окуучулардын жана мугалим менен окуучулардын сабакта өз ара аракеттенүү процессинде өзүн, коомду, жалпы дүйнөнү таануунун белгилүү ыкмаларынын системасын өздөштүрүү жана предметтик жана негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу боюнча өзүнүн өнүгүү траекториясын түзүүнү талап кылат.

## V. ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

«Кыргыз тили экинчи тил катары» предмети боюнча сабактарда окуучулардын жетишкендиктерин баалоо күтүлгүүчү натыйжалар менен тыгыз байланышкан жана көрсөткүчтөргө негизделет. Класстагы баалоо объектилери болуп билим алуудагы окуучулардын жекече жетишкендиктери менен өсүшү саналат.

**Баалоонун негизги принциптери**

Окуучуларды баалоодо мугалим *калыстык, ишеничтүүлүк, жарамдуулук* сыяктуу негизги принциптерди жетекчиликке алышы зарыл.

*Калыстык*. Калыстык принциби бардык окуучулар бирдей шартта окшош сыноодон өтүшүн талап кылат. Маалыматтарды текшерүү калыстыгы мугалим үчүн дагы, бардык окуучулар үчүн дагы баалоонун так критерийлеринин болушун туюндурат.

*Ишеничтүүлүк*. Ишеничтүүлүк принциби ошол эле белгини кайталап өлчөөдө бирдей натыйжа алууга мүмкүнчүлүк берген педагогикалык баалоонун тактыгын билдирет.

*Жарамдуулук* – бул башка нерсе эмес, чын эле өлчөөгө тийиш болгон нерсе өлчөнүп жаткандыгын көрсөткөн баалоо усулунун аныктыгы.

**Баалоонун түрлөрү**

Окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктери менен өсүшүн өлчөө үчүн баалоонун үч түрү колдонулат: **диагноздоочу-аныктоочу, калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу**

**Диагноздоочу-аныктоочу баалоо**

Прогресске баа берүү үчүн мугалим окуу жылы ичинде жетишилген натыйжалар менен окуучунун билгиликтеринин баштапкы жетишүү деңгээлин аныктоо; калыптануу деңгээлин аныктап окуучунун жетишкендиктерин анын мурдагы абалы менен салыштыруу; окуучунун жетишкендиктерин интерпретациялоо жана баалоо; окуучуга аныкталган натыйжаларын маалымдоо; окуучунун билиминдеги кемчиликтердин себебин анализдөө; салыштыруу жүргүзүлөт. Диагноздоочу баалоонун натыйжалары сыпаттоо түрүндө катталып, жалпыланат жана мугалимдин окутуу милдеттерин аныкташына, окуучуга берилүүчү тапшырмаларды берүү жолу менен окуу процессине түзөтүүлөрдү киргизишине жана аны өркүндөтүшүнө жана келечегиндеги жетишкендиктерди прогноздоого негиз болот.

**Калыптандыруучу баалоо**

Калыптандыруучу баалоонун максаты – окуучунун жетишкендиги менен материалды жекече өздөштүрүү өзгөчөлүктөрүн аныктоо, ошондой эле окуучунун ийгиликке жетиши үчүн сунуштарды иштеп чыгуу. Мугалим калыптандыруучу баалоону окутуунун жүрүшүнө өз убагында түзөтүү, *көзөмөлдөө,* ийгиликке *жетишүүгө түрткү берүү, үзгүлтүксүз байкоо жүргүзүү процесси. М*угалим менен окуучунун иштерине оңдоо киргизүү, кээде “окутууну жакшыртуу үчүн баалоо» деп да аташат. Окуп-үйрөнүү максаттарына карата, илгерилөөсүн жүргүзүүгө мүмкүндүк түзүп, ага окуу процессинин алгачкы этаптарында өз убагында өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн окуучулардын прогрессин *талдоо, чечмелөө, баалоо,* жардам берүү дегенди билдирет.

Калыптандыруучу баалоо формалдуу ***эмес (көбүнчө баа коюлбаган)*** баалоо болуп саналат. Ал баалоону критерийлерге ылайык жүргүзүүгө негизделип, кайтарым байланыштын болушун талап кылат. Мугалим пландоого өзгөртүү киргизүү үчүн пайдаланса, ал эми окуучу өзү аткарган иштин сапатын жакшыртуу үчүн пайдаланат. Окуучунун жөндөм деңгээли эмес, ал аткарган конкреттүү иш бааланат.

Окутуунун аралык натыйжаларын баалоодо окуучулардын өзгөчөлүктөрү (ишти аткаруу тездиги, теманы өздөштүрүү жөндөмү ж.б.) эске алынып, окуучулардын жетишкендиктери менен өсүштөрүнө көңүл бурулат. Окуучунун өсүшү билим берүү

тармагы менен предметтердин алкагындагы окутуу максаты болуп саналган белгилүү натыйжаларга жетүү катары аныкталат. Журналга баа зарылдыгына карай коюлат (катталат), мугалим окуучунун жекече өсүшүнө жүргүзгөн байкоолорун белгилейт.

**Жыйынтыктоочу баалоо**

Жыйынтыктоочу баа берүү окутуунун ар бир баскычында пландалуучу натыйжаларга окуучулардын жетишүү даражасын аныктоо үчүн кызмат кылып, *утурумдук, аралык жана жыйынтыктоочу* баалоодон түзүлөт.

- *Утурумдук* баалоо. Жекече аткарылган тапшырмаларды *утурумдук баалоо* баа берүү ченемдери (туура чечимдердин саны, кетирилген каталардын саны, тариздөө эрежелеринин сакталышы ж.б.) менен мугалим жана/же окуучулардын өздөрү берген өзүнчө ишти аткаруу критерийлерине жараша жүргүзүлөт. Мугалим окуучулардын окуу материалын өздөштүрүүдөгү өзгөчөлүктөрүнө жараша утурумдук баалоо жүргүзөт.
- *Аралык баалоо* предметтик стандартта аныкталган иштердин түрүнүн негизинде жүргүзүлөт:
  - кат жүзүндөгү иштер/булактар менен иштөө;
  - оозеки жооп /жүзачар;
  - долбоор, изилдөө иши, иштердин бөтөнчө түрлөрү;
  - портфолио (жетишкендиктер папкасы) ж. б.

Иштердин бардык түрлөрү баалоо критерийлеринин негизинде бааланып, милдеттүү болуп саналат жана мугалим тарабынан баалоо планын иштеп чыгууда алдын ала пландалат.

- *Жыйынтыктоочу баалоо* мектеп календарына (чейрек, жарым жылдык, окуу жылы) ылайык жүргүзүлүп, аракеттеги ченемдер менен баалоонун иштелип чыккан критерийлерге жараша жазуу түрүндө аткарылат.

Милдеттүү иштердин түрлөрүнүн саны жана жыйынтыктоочу баалоодогу салыштырма катыш окутуу баскычтары менен предметтердин өзгөчөлүгүн эске алуу менен аныкталат. Иштердин формасынын ар түрдүүлүгүн мугалим окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алып аныктайт.

**Таблица 7 -** Мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн (12-класстардын) тил билүү деңгээлин (В1.3.) баалоо критерийлери

| **Субтест** | **Деңгээлдер**<br>(көрсөткүчтөр упайлар менен) | |
|---|---|---|
| | **Канааттандырарлык** | **Канааттандырарлык эмес** |
| **Грамматика. Лексика.** | **B1** 7 – 10 (75%-100%)<br>**B2** 8 – 10 (80%-100%) | 7 ден аз (75%дан кем)<br>8 ден аз (80%дан кем) |
| **Окуп түшүнүү** | **B1** 7 – 10 (75%-100%)<br>**B2** 8 – 10 (80%-100%) | 7 ден аз (75%дан кем)<br>8 ден аз (80%дан кем) |
| **Жазуу** | **B1** 7 – 10 (75%-100%)<br>**B2** 8 – 10 (80%-100%) | 7 ден аз (75%дан кем)<br>8 ден аз (80%дан кем) |
| **Угуп түшүнүү** | **B1** 7 – 10 (75%-100%)<br>**B2** 8 – 10 (80%-100%) | 7 ден аз (75%дан кем)<br>8 ден аз (80%дан кем) |

| | | |
|---|---|---|
| **Сүйлөө** | **B1** 7 – 10 (75%-100%)<br>**B2** 8 – 10 (80%-100%) | 7 ден аз (75%дан кем)<br>8 ден аз (80%дан кем) |

Төмөнкү натыйжаларды көрсөткөн окуучулар тестти ийгиликтүү аткарган болуп саналат: B1 тести боюнча канааттандырарлык деңгээл – 35 упай (тесттин баасынан 75%), B2 тести боюнча канааттандырарлык деңгээл – 40 упай (тесттин баасынан 80%).

Баалоо билим берүү процессинин ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана төмөнкүлөргө багытталган:

– предметтик жана негизги компетенттүүлүктөрдүн өнүгүү деңгээлин аныктоо;
– ар бир окуучунун индивидуалдык прогрессин диагностикалоо жана колдоо;
– таанып билүү активдүүлүгүн жана сүйлөө демилгесин стимулдаштыруу;
– кыргыз тилин жана адабиятын андан ары үйрөнүү үчүн мотивацияны жогорулатуу.

Окуучулардын тил билүү денгээлин аныктоо үчүн диагностикалык тестирлөөнүн (баалоо) критерийлери жана натыйжалары окутуу процессин ондоп-түзөө үчүн колдонулушу керек.

7–12-класстардын окуучуларынын тил билүү денгээлин баалоо "Кыргызтест" системасынын талаптарына ылайык жүргүзүлөт.

## VI. РЕСУРСТУК КАМСЫЗДООГО МИНИМАЛДУУ ТАЛАПТАР

Экинчи тилди окутууда ресурстук камсыздоого карата минималдуу талаптар – стандарт боюнча 7-12-класстардын даярдык деңгээлине коюлган талаптарды ишке ашыруу үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө багытталган окуу процессин материалдык-техникалык жактан камсыздоонун минималдуу талаптары.

Бул ресурстар окуучулардын калыптануусуна, билимди терең өздөштүрүүсүнө жана мугалимдердин натыйжалуу иштешине шарт түзөт.

**Таблица 8 - Ресурстук камсыздоо**

| Билим берүү ресурстарынын түрлөрү | Талаптардын мүнөздөмөсү |
|---|---|
| **МКТ** | Предмет боюнча колдонмолору камтылган интерактивдүү панель |
| **Маалыматтык-байланыш технологиялары** | МКТнын заманбап каражаттары төмөнкүлөрдү камсыз кылышы керек:<br>- глобалдык (Интернет тармагы) жана ички локалдык тармактын ресурстарына жетүү;<br>- интерактивдүү билим берүү ишинин мүмкүнчүлүгү;<br>- окуу мазмунун көрсөтүү.<br>- үндү күчөтүүчү приборлор (колонкалар, наушниктер), көрүүсү, угуусу начар окуучулардын материалды өздөштүрүүсүн камсыз кылуучу субтитрлер.<br>Компьютердик техниканын саны билим берүү керектөөлөрүнө ылайык келүүгө жана аны натыйжалуу пайдаланууга педагогдордун жана окуучулардын даярдык деңгээлин эске алууга тийиш. Санариптик компетенттүүлүктү өнүктүрүүгө багытталган мугалимдер үчүн квалификацияны жогорулатуу курстарын үзгүлтүксүз уюштуруу зарыл.<br>Каражаттарды (персоналдык компьютерлер, сканерлер, |

| | |
|---|---|
| | принтерлер, мультимедиялык проекторлор ж.б.), анын ичинде майыптыгы бар балдар үчүн көмөкчү технологияларды (үндү күчөткүч, наушник, проектор, лупа ж. б.) камтыган заманбап компьютердик техника менен да камсыз кылынышы керек. |
| **Санариптик билим берүү ресурстары** | Санариптик билим берүү ресурстары, анын ичинде электрондук окуу китептери, предметтер боюнча тренажерлор, Интернет түйүнүндө издөө каражаттары жана издөө системалары, электрондук билим берүү материалдарынын коллекциялары, ошондой эле билим берүү интернет-порталдары менен камсыз болушу керек. Санариптик ресурстар плакаттар, таблицалар жана схемалар сыяктуу басылган визуалдык демонстрацияларды алмаштыра алат.<br>Санариптик билим берүү булактары материалдарга, анын ичинде титрлерге жана наушниктерге визуалдык жана угуу мүмкүнчүлүгүн берет.<br>Санариптик билим берүү ресурстары төмөнкү функцияларды аткарышы керек:<br>- маалымат булактары;<br>- керектүү маалыматты издөө куралдары;<br>- окуу процессин уюштуруу каражаттары.<br>Санариптик билим берүү ресурстарынын саны жана тизмеси зарылчылыктын жана жетиштүүлүктүн талаптарына жооп бериши керек. |
| **Окуу-методикалык комплекстерн** | – Окуу процесси мугалим үчүн зарыл болгон методикалык камсыздоону (ченемдик-укуктук документтер, окуу программасы, КТП, окуу китеби, окуу программасы, мугалим үчүн методикалык сунуштамалар, жумушчу дептер ж.б.), маалымдамаларды жана сөздүктөрдү камтыган заманбап окуу-методикалык комплекс менен камсыз кылынууга тийиш. Окуу-методикалык комплекси төмөнкүлөрдү камсыз кылат :<br>– предметтик мазмунду өздөштүрүү;<br>– окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу;<br>– окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү;<br>– билимдерди, көндүмдөрдү, компетенттүүлүктөрдү окуучулардын билим алуу муктаждыктарын эске алуу менен өнүктүрүү: окууда кыйынчылыктарга дуушар болгон окуучулар үчүн, ошондой эле таланттуу балдар үчүн материалдар (дидактикалык карточкалар, онлайн куралдар, графикалык уюштургучтар ж.б.). |

## VII. ШЫКТАНДЫРУУЧУ ЖАНА КООПСУЗ БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮН ТҮЗҮҮ

Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүдө окуучулардын тил үйрөнүүгө болгон кызыгуусун арттырып, эмоционалдык жана психологиялык жактан коопсуз шарт түзүү өтө маанилүү. Бул шарт окуучунун билим сапатына, активдүүлүгүнө жана өзүнө болгон ишенимине түздөн-түз таасир этет.

Шыктандыруучу жана коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүү кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөнүп жаткан окуучулардын окууга болгон кызыгуусун арттырып, алардын тилде эркин сүйлөө, ой жүгүртүү жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө чоң өбөлгө түзөт.

Кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда окуучулар үчүн шыктандыруучу, эмоционалдык жана физикалык жактан коопсуз чөйрө түзүүгө өзгөчө көңүл бурууга тийиш. Бул чөйрө окуучунун тил үйрөнүүгө болгон ишенимин арттырып, алардын жеке өзгөчөлүктөрүн жана муктаждыктарын эске алуу менен тил үйрөнүү процессине активдүү катышуусуна шарт түзөт.

**Шыктандыруучу чөйрөнү түзүүнүн негизги багыттары:**

- Окуучулардын ар бир жетишкендигин мактоо жана позитивдүү пикир берүү;
- Сабакта ката кетирүүдөн коркпогон, эркин пикир айтууга мүмкүнчүлүк берүүчү атмосфера түзүү;
- Окуучунун өз алдынча ойлонуп, демилге көтөрүүсүн колдоо;
- Ар бир окуучунун жетишкендигин жана индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүн урматтоо;
- Окуучуларды тил үйрөнүүнүн маанилүүлүгүнө ишендирүү жана ички мотивациясын жогорулатуу.

**Коопсуз билим берүү чөйрөсүн камсыз кылуу:**

- Окуучулар арасында өз ара сыйлоону жана толеранттуулукту калыптандыруу;
- Мамиле жана баарлашуу маданиятын өнүктүрүү;
- Бардык окуучуларга бирдей мүмкүнчүлүк берүү, алардын тилине, маданиятына жана көз караштарына урмат менен мамиле кылуу;
- Сабакта ар түрдүү окутуу ыкмаларын колдонуп, окуучулардын ар кандай үйрөнүү стилдерин эске алуу;
- Зомбулукка, шылдыңдоого, дискриминацияга каршы нөлдүк толеранттуулук саясатты сактоо.

Шыктандыруучу жана коопсуз чөйрө окуучулардын өзүнө болгон ишенимин арттырып, алардын жигердүү, чыгармачыл жана жоопкерчиликтүү инсан катары өнүгүшүнө өбөлгө түзөт.

Негизги жана жалпы орто мектептик билим берүү чөйрөсү окуучулардын руханий-адеп-ахлактык, коомдук, илимий, маданий жана психикалык өнүгүүгө жетишүү милдеттерине тиешелүү сапаттуу билим берүүнү камсыз кылууда, окуучулар үчүн жагымдуу чөйрө болушу керек. Алардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү), окуучулардын физикалык, психологиялык жана социалдык саламаттыгын коргоого жана чындоого кепилдик берүүлөрү керек. Окуучуларга жана мугалимдерге карата ыңгайлуу шарттар болуусу шарт. Билим берүү чөйрөсү ар бир окуучуга билим берүүнү камсыздоо

менен бирге анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарга шарт түзүп берүү.

Билим берүү чөйрөсү – физикалык, психологиялык жана академиялык жактан жана бул аспектилеринин ар бирин окуучуларга жана мугалимдерди окутууга түрткү берүүдө маанилүү ролду ойнойт.

Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде “Кыргыз тили” предметинде басымдуу физикалык чөйрө сабакта заманбап технологияларды колдонуп, жагымдуу мейкиндик түзүп, окутуунун эффективдүү ыкмаларын колдонуу менен түзүү.

Психологиялык чөйрө формативдик баалоону колдонуп, позитивдик бирин-бири колдоочу кайтарым байланыш түзүү, окуучулардын өз алдынча иштөөсүн, сабакта активдүүлүгүн колдоо менен, ошондой эле сабакта обьективдүү баалоо аркылуу түзүлөт.

Шыктандыруучу академиялык чөйрө окутуунун интерактивдик методдорун жана топтук иштердин формаларын колдонуу менен, окутуунун кошумча материлдарын, анын ичинде заманбап, көркөм жана илимий-популярдык иллюстрацияланган тексттерди колдонуп, окуучулардын иштерин маалымат менен стимулдаштыруучу изилдөө жана издөө методдорун пайдалануу менен калыптанат.

Билим берүү чөйрөсү физикалык, экологиялык, психологиялык жана гендердик стереотиптерди алдын алуучу төмөнкү коопсуздуктарды эске алуу менен уюштурулат.

- Мектептин кеңсесиндеги бардык элементтер, алардын пайдаланылышынын санитардык-эпидемиологиялык эрежелери жана өрт коопсуздук, электр коопсуздук эрежелеринин ченемдик-укуктук актылары жана эрежелери коопсуздукту камсыз кылуучу талаптарга жооп берүү.
- Жалпы билим берүү уюмунун бардык бөлмөлөрүндө жасалма жана табигый жарык берүү деңгээли гигиеналык талаптарга жооп берүү менен камсыз кылынат жана жылуулугу нормага төп келүү.
- Электрондук маалыматтарды жана билим берүү чөйрөсүн пайдалангандыгы үчүн шарттар билим берүү мамилелеринин катышуучулары, санариптик билим берүү ресурстарынын коопсуздугу, билим берүү ишмердүүлүгүнүн коопсуздугу гигиеналык стандарттарга жана санитардык-эпидемиологиялык талаптарга ылайык, билим берүү ишмердүүлүгүн камсыз кылуу.